**ДОЛБООР**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН
# XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
# XXI – СЕССИЯСЫНЫН

**Автоунааларды Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине алууга макулдук берүү жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 26-февралындагы №01-13/394 кайрылуусунун негизинде, шаардык кенештин алдындагы муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап, талкуулап, Балыкчы шаардык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нургожоевичтин, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин төрагасынын орун басары жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин төрагасы генерал-полковник Ташиев Камчыбек Кыдыршаевичтин демилгесинин негизинде берилген 47 (кырк жети) даана атайын автотехникаларды, 10 (он) даана жүргүнчүлөрдү ташуучу жаңы автобустарды жана 9 (тогуз) даана кызматтык жеңил автоунааларды 1-тиркемеге ылайык, Балыкчы шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине муниципалдык менчигине өткөзүп алууга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясына:
-муниципалдык менчикке өткөрүп алууга карата укук белгилөөчү иш кагаздарын даярдап каттоодо мыйзам талаптарына ылайык иш жүргүзүү тапшырылсын.

3. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММК-1 юст.башкармалыгы-1